**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин көч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын № 6/1 токтому**

04-апрель 2025- жыл Жаңы-Арык айылы

## Салык Кодексине ылайык калктуу конуштун таштандыларын ташып чыгаруу жана короо жанындагы жана жер участокторун пайдалануу үчүн, жер салыгынын төлөмдөрүнүн тарифин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52-“Пилоттук режимде административдик аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунда аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомун Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү Мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 2-бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүү максатында, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Таштандыларды жыйноо үчүн төлөмдүн тарифин жеке жактар үчүн ар бир кожолукка жылына 50 (элүү) сом, ал эми юридикалык жактар үчүн бир жылына 100 (жүз) сомдон бекитилсин.

2. Короо жанындагы жана жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы, 1 (0,01) чарчы метри үчүн төлөм, жылына 15 (он беш) сомдон бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Ынтымак айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫНАЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин көч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын № 6/2 токтому**

04-апрель 2025- жыл Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагында участкалык шайлоо комиссияларын резервдик курамын бекитүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 30-июнундагы №62 Мыйзамынын 19-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Ынтымак айыл аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын курамын жана резервинин курамын бекитүүгө Ынтымак айыл өкмөтүнүн берген сунушун карап толуктап, Ынтымак айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын курамын жана резервинин курамы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын Ынтымак айыл өкмөтүнүн орун басар-жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Дунаев**

**№ 5182 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Амирова Шарипа | 1965 25.10 | Орто | Кыргыз | А | Атайын орто | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 2 | Таирова Гүлнара | 1970.21.12 . | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 3 | Биймурза кызы Гулнара | 29.01.1994 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 4 | Ташполотова Гулбара | 1970.18.02 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 5 | Дунаева Карамат | 1965.04.19 | Жогорку | Кыргыз | А | Ак-Терек о.м. | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 6 | Тороканова Замира | 1967.19.12 | Орто | Кыргыз | А | Ак-Терек о.м. | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 7 | Турганбаева Умут | 1989.22.04 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 8 | Рахманали кызы Тазагул | 1991.10.07 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |
| 9 | Назиева Наргиза | 1986.05.16 | Орто | Кыргыз | А | Ак-Терек о.м | Шайлоочулардын тарабынан | Ак-Терек айылы |

**№ 5181 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв.**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сайдибакас кызы Алтынай | 1989 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0556 91 16 94 |
| 2 | Эргешова Атыргул | 1988 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0700 012488 |
| 3 | Улукбек кызы Элизат | 1991 | Жогорку | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0556 912691 |
| 4 | Муратова Шакаркан | 1965 | Жогорку | Кыргыз | А | Мед айым | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0551 032352 |
| 5 | Дуйшобаева Айдана | 1982 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0550 008291 |
| 6 | Жолдуева Чынара | 1984 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0553 963113 |
| 7 | Полотова Салкынай | 1986 | Орто | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0707 089880 |
| 8 | Ташболотова Гулбарчын | 1985 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын тарабынан | Таш-Арык айылы 0702 487689 |
| 9 | Жумашова Динара | 1970 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулард | Таш-Арык айылы |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | ын тарабынан | 0550 481784 |
| 10 | Эшиева Огулай | 1989 | Жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулард ын тарабынан | Таш-Арык айылы 0755 013889 |

**№ 5504 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Арапова Элиза | 1981 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0707 511079 |
| 2 | Ахмеджанова Кызжибек | 1986 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0776 070586 |
| 3 | Бегали кызы Айдана | 14.02.1998 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0220 638 043 |
| 4 | Аргинбаева Гулфери | 1993 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочул чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0773 129712 |
| 5 | Абдикапар кызы Айида | 1993 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0778 629261 |
| 6 | Исмаилова Омуркан | 1985 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0778 203316 |
| 7 | Аматова Жазгүл | 1982 | жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0773 02 82 15 |
| 8 | Тойчубеков Эмир | 1996 | орто | кыргыз | Э | куруучу | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0774 555355 |
| 9 | Кулбаева Бегимай | 1987 | орто | кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0778870 086 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Нурдин кызы Таттыгул | 1991 | жогорку | кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Жаны-Арык айылы 0220 509488 |

**№ 5505 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Шерматова Аида | 27.12.1980 | Орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0556 161250 |
| 2 | Максуталиева Барчынай | 11.04.1988 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0999 608408 |
| 3 | Сапарова Назира | 16.11.1989 | Атайын орто | Кыргыз | А | Медайым | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0709 862727 |
| 4 | Маматжан кызы Айзирек | 01.01.1998 | Орто | Кыргыз | А | Үй кожейкеси | Шайлоочулардын чогулушунан | Достук айылы 0555 215 750 |
| 5 | Болотбек кызы Роза | 21.03.1993 | Орто | Кыргыз | А | Мугалим | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0708 523558 |
| 6 | Омурбаева Анаркан | 02.02.1982 | Атайын орто | Кыргыз | А | мугалим | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0706 217 757 |
| 7 | Келдиев Жанжигит | 09.05.1994 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0772 608081 |
| 8 | Аширова Элнура | 19.09.1988 | Атайын орто | Кыргыз | А | Правда УДТ медайым | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0557 66 11 80 |
| 9 | Айткулова Насипа | 1984 | жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Жергиликтүү эл тарабынан | Достук айылы 0552 19 70 73 |

**№ 5179 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Шабданбек кызы Кызбурак | 16.04.1996 | Атайын орто | Кыргыз | А | Жаны-Арык УДТ | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0779 36 29 47 |
| 2 | Рахманберди кызы Нуриза | 25.10.1993 | | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0223 41 14 49 |
| 3 | Карабаева Салтанат | 17.04.1984 | Атайын орто | Кыргыз | А | Тарбиячы “Ширинтай” | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0220 346187 |
| 4 | Төрабек кызы Динара | 24.09.1990 | Атайын орто | Кыргыз | А | Жаны-Арык УДТ медайым | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы<br><br>0771 80 30 01 |
| 5 | Эргешова Каныкей | 21.01.1977 | Жогорку | Кыргыз | А | Жаны-Арык УДТ | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0779 51 19 16 |
| 6 | Абдыллаев Суйунбай | 05.09.1983 | орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0779 59 57 76 |
| 7 | Ырысмамат к Самара | 24.09.1996 | Жогорку | Кыргыз | А | Иш кагаздарын жүргүзүүчү а/ө | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0777 020 027 |
| 8 | Эралиева Наргиза | 02.10.1985 | Орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0228 91 80 01 |
| 9 | Ураимов Алымбек | 25.07.1982 | Жогорку | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0220 774742 |
| 10 | Мусаева Самаргул | 28.09.1977 | Жогорку | Кыргыз | А | тарбиячы | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0222 39 70 40 |
| 11 | Исраил к Бегимай | 06.02.1996 | Жогорку | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Жаны-Арык айылы 0552 94 02 96 |

**№ 5183 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Адишов Эмил | 06.12.1981 | Жогорку | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0501 06 12 81 |
| 2 | Маматсапи к Мунара | 04.02.1990 | орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0553 001783 |
| 3 | Абдиева Айгул | 1970 | орто | кыргыз | А | пенсионер | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0504 01 06 65 |
| 4 | Алимова Нуржамал | 29.08.1983 | Орто | Кыргыз | А | тарбиячы | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0559 02 86 86 |
| 5 | Кожошов Шамыр | 05.04.1974 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0755 09 00 73 |
| 6 | Максутов Манас | 13.10.1973 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0779 96 76 64 |
| 7 | Кушпакова Салиякан | 10.09.1971 | Атайын орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Эл тарабынан | Алп-Ордо айылы 0771 81 70 78 |

**№ 5548 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Козубаева Динара | 10.10.1975 | Атайын орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Шайлоочулардын чогулушунан | Чайчы айылы 0709 969227 |
| 2 | Бобуев Байсал Темирович | 19.01.1983 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулардын чогулушунан | Чайчы айылы 0555834988 |
| 3 | Сатарова Назгул Зундуевна | 17.02.1975 | Орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Чайчы айылы 0709 115553 |
| 4 | Бекназаров Медербек | 19.07.1968 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочул чогулушунан | Чайчы айылы 0553 702955 |
| 5 | Мамытов Райымбек | 01.01.1973 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулардын чогулушунан | Чайчы айылы 0702 08 3595 |
| 6 | Аданбаев Нурлан | 18.06.1982 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Чайчы айылы 0558 389138 |
| 7 | Эргешбаева Тунук | 23.02.1982 | орто | Кыргыз | А | УДТ кичи медайым | Шайлоочулар чогулушунан | Чайчы айылы 0700230282 |
| 8 | Матраимова Гулзина | 21.01.1986 | жогорку | кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Чайчы айылы 0557 900928 |
| 9 | Кадырова Гулмира | 02.02.1962 | жогорку | кыргыз | А | тарбиячы | Шайлоочулар чогулушунан | Чайчы айылы 0701 993304 |

**№ 5445 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Исмаилова Гулбайра | 28.02.1968 | Атайын орто | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Талаа айылы 0504 28 02 68 |
| 2 | Кыдыргычов Сапарали | 28.03.1972 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулардын чогулушунан | Талаа айылы 0559 28 01 20 |
| 3 | Адахан у Жанибек | 31.08.1993 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Талаа айылы 0774 10 80 20 |
| 4 | Маматкапар к Датка | 20.09.1990 | Орто | Кыргыз | А | Дыйкан чарба | Шайлоочул чогулушунан | Талаа айылы 0508 11 26 68 |
| 5 | Жолдошова Элиза | 21.02.1984 | жогорку | Кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Талаа айылы 0778 03 77 32 |
| 6 | Таштанкулов Тажимамат | 17.08.1962 | Орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Талаа айылы 0551 58 63 48 |
| 7 | Кайназаров Асилбек | 27.07.1985 | орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Талаа айылы 0770 63 88 46 |
| 8 | Токсонбаев Нурбек | 14.03.1983 | орто | кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Талаа айылы 0776 181883 |
| 9 | Кыдыргычов Таалайбек | 28.11.1974 | орто | кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Талаа айылы 0771 26 01 33 |

**№ 5180 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| **№** | **А.А.А** | **Туулган датасы** | **Билими** | **Улуту** | **жынысы** | **Иштеген жери (фактический иштеген жери)** | **Ким тараптан сунушталган** | **Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамат у Асилбек | 23.11.1996 | орто | Кыргыз | Э | Жеке ишкер | Шайлоочулардын чогулушунан | Правда айылы 0990 470056 |
| 2 | Мухтар к Айназик | 14.07.1998 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Правда айылы 0779 246209 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Ранбаева Гулзат | 22.01.1984 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0773 902171 |
| 4 | Айтбаева Айкыз | 16.12.1995 | орто | Кыргыз | А | ашпозчу | Шайлоочул чогулушунан | Правда айылы 0559 835683 |
| 5 | Равшан к Адина | 26.06.1998 | жогорку | Кыргыз | А | Мугалим | Шайлоочулардын чогулушунан | Правда айылы 0997 884040 |
| 6 | Мурзаев Салижан | 26.03.1963 | орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0558 302593 |
| 7 | Маматова Дамеш | 05.02.1992 | Атайын орто | Кыргыз | А | тарбиячы | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0708611247 |
| 8 | Пазылова Бактыгул | 16.12.2005 | Атайын орто | кыргыз | А | студент | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0779 248017 |
| 9 | Торогулова Гулиза | 19.09.1988 | жогорку | кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0550 290512 |
| 10 | Абсаматали к Адина | 19.11.1993 | жогорку | кыргыз | А | мугалим | Шайлоочулар чогулушунан | Правда айылы 0554 872073 |

**№ 5547 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв**

| № | А.А.А | Туулган датасы | Билими | Улуту | жынысы | Иштеген жери (фактический иштеген жери) | Ким тараптан сунушталган | Дареги тел.ном. Фактический жашаган дарек жана иштеген рабочий номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Акылбек кызы Мээримгул | 22.01.1997 | орто | Кыргыз | А | иштебейт | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0702 299792 |
| 2 | Торокулова Батма | 22.02.1971 | жогорку | Кыргыз | А | иштебейт | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0556 267630 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Казакбаева Каныкей | 14.08.1984 | жогорку | Кыргыз | А | иштебейт | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0508 110840 |
| 4 | Эрмакова Адилахан | 23.01.1963 | орто | Кыргыз | А | пенсионер | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0508 102726 |
| 5 | Сыдыков Тынчтык | 06.09.1985 | жогорку | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0501 219657 |
| 6 | Абытов Кайрат | 04.01.1984 | орто | Кыргыз | Э | Дыйкан чарба | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0509 864186 |
| 7 | Акылбек кызы Мээримгул | 22.01.1997 | орто | Кыргыз | А | иштебейт | Жору айылынын жашоочуларынын атынан | Жору айылы 0702 299792 |

**№ 5601 УШК резервине ЖӨБ тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамындагы резерв.**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абдиева Айжамал Маматжановна | 22.01.1979 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а К. Кадыров №89 0551914391 |
| 2 | Торогулова Гулиза Манаповна | 13.11.1988 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а А.Жабиров №6 0550290512 |
| 3 | Камбарова Нилуфар Тургунбаевна | 09.01.1988 | Жогорку | Тажик | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Жаңы- Арык а Бак көч.№11 0777 036 535 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Амадалиева Гулнара Салайдиновна | 20.07.1989 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Жок | Ынтымак а.к | Правда а Т.Эргешов 0501125216 |
| 5 | Байназарова Динара Карыбековна | 05.06.1982 | Орто | Кыргыз | Аял | Дыйкан чарба | Жок | Ынтымак а.к | Правда а А. Кожоканов 0558009110 |
| 6 | Арзыбеков Ноорузбек Аширалиевич | 21.03.2004 | Орто | Кыргыз | эрк | Дыйкан чарба | Жок | Ынтымак а.к | Правда а А. Кожоканов 0507263609 |
| 7 | Кочкорбаева Акмарал Нурмаматовна | 12.03.1987 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а Т. Эргешов 0500595987 |
| 8 | Шералиева Шахло Нуралиевна | 08.02.1999 | Жогорку | Тажик | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а С. Асанов 0995141431 |
| 9 | Мамасеитова Нуржамал Кадыралиевна | 09.10.1982 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а К. Кадыров 0705882240 |
| **Резерв** | | | | | | | | | |
| 1 | Маматова Дамеш Орозмаматовна | 05.06.1992 | Атайын орто | Кыргыз | Аял | Балдар бакчасы | Жок | Ынтымак а.к | Правда а Буркан Ата 0708611247 |
| 2 | Нурматова Гулмира Убайдиллаевна | 04.04.1988 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а К. Кадыров 0222842827 |
| 3 | Сапарбаева Айшоола Эсенбековна | 10.07.1996 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а С. Асанов көч 0779747202 |
| 4 | Жороева Айкөкүл Кайратовна | | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Жок | Ынтымак а.к | Правда а Т. Эргешов көч 0776260987 |
| 5 | Бегматова Айкыз Арстанбековна | 28.07.1987 | Орто | Кыргыз | Аял | Дыйкан чарба | Жок | Ынтымак а.к | Правда а Ж. Асанов к 0770322013 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Топчуева Жазгүл Базарбаевна | 07.05.1986 | Атайын орто | Кыргыз | Аял | ФАП | Бар | Ынтымак а.к | Правда а Буркан-Ата көч 0990320500 |
| 7 | Тойчуева Аида Алимжановна | 10.02.1989 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Жок | Ынтымак а.к | Правда а А. Кожоканов көч 0775240462 |
| 8 | Токтоболотова Нуржамал Ашуралиевна | 09.10.1981 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №89 Б.Абдрахманова мек. мугалим | Бар | Ынтымак а.к | Правда а Нуран Ата к 0773892481 |
| 9 | Солтоева Самара Аскарбековна | 29.07.1979 | Орто | Кыргыз | Аял | Бала бакча | Жок | Ынтымак а.к | Правда а А. Жабиров к 0557875187 |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин көч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын № 6/3-1 токтому**

04-апрель 2025-жыл Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын Жаны-Арык айылындагы №676 контурдагы 20.0 га таза жайыт жер аянтына кыш завод куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын социалдык экономикалык абалын жогорлатуу максатында социалдык жана өндүрүштүк багыттагы обьектерди куруу үчүн “Айыл чарба коргонуу жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) үчүн, 2013-жылдын 15-июлундагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” №145 мыйзамынын 1-главасынын 3-беренесине жана 20га жер аянтын трансформациялоого макулдук берүү жөнүндөгү сунушун, алдын ала берилген материалдар менен таанышып талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесине жана Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 20-январындагы №6 мыйзамынын 1-беренесинин 8,4-пункттарына таянып, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын Жаны-Арык айылындагы №676 контурдагы 20.0га таза жайыт жер аянтына кыш завод куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттук байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Токтомду мыйзамдын талаптарына ылайык аткаруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн жер адисине милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл, суу чарба, өндүрүштү көтөрүү, кайра иштетүү иш каналар менен иш алып баруу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин көч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын**
**№ 6/4 токтому**

4-апрель 2025- жыл Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги №708 контурда жайгашкан 0.5 га жер тилкесинин ичинен Кара-Суу РИИБнүн Отуз-Адыр АМБнүн аймактык тескөөчүлөрүнө 0.05га жер ажыратып берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Ынтымак айыл аймагынын Жаны-Арык айылынын №708 контурунда жайгашкан жалпы аянты 0.50 га муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин ичинен Кара-Суу РИИБнүн Отуз-Адыр АМБнүн аймактык тескөөчүлөрүнө 0.05 га жер аянтын калкты тейлөө үчүн ишкананын имаратын куруугa макулдук берүүгө Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Ынтымак айыл аймагынын Жаны-Арык айылынын №708 контурунда жайгашкан жалпы аянты 0.50 га муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин ичинен Кара-Суу РИИБнүн Отуз-Адыр АМБнүн аймактык тескөөчүлөрүнө 0.05 га, жер аянтын калкты тейлөө үчүн ишкананын имаратын куруугa макулдук берилсин.

2. Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн муниципалдык менчиктеги жер тилкесине тиешелүү иш-кагаздарын жүргүзүү милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ынтымак айылдык кеңешинин архитектура, курулуш, муниципалдык менчик, экология, агрардык жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага: А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин кѳч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯРЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VI сессиясынын № 6/5 токтому**

04-апрель 2025-жыл Жаңы-Арык айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 24-февраль 2022-жылдагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” №54 Жарлыгын ишке ашыруу үчүн Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүндө түзүлгөн жобону бекитүү жөнүндө**

Айылдык кеңештин депутаттары күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президентинин 24-февраль 2022-жылдагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” №54 Жарлыгын жетекчиликке алып, ыксыз чыгымдарды азайтууну карап чыгып, аймактагы жарандардын талаптарын угуп, Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүндө иштеп чыккан үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү жобону карап, Ынтымак айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. “Ынтымак айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын ырым-жырымдарын өткөрүүнү тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү” Ынтымак айыл өкмөтүнүн иштеп чыккан жобосу бекитилсин.

2. Бул жобо Ынтымак айыл аймагынын айылдарында түзүлгөн жумушчу комиссиялары жана айыл башчылары аркылуу жашоочуларга жеткирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер, маданият жаштар, спорт регламент жана депутаттык этика боюнча комиссияга жүктөлсүн .

**Төрага** **Дунаев**

Ынтымак айылдык кеңешинин
04.04.2025-жылдагы № 6/5 токтомуна
тиркеме

Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө

1. Жалпы жоболор

2. Жобону иштеп чыгуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

4. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар

6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты айылдарда жана башка калктуу конуштарда коомдук өнүгүүнүн муктаждыктарын эске алуу менен элдин жашоо турмушундагы улуттук каада-салттарды, үй- бүлөлүк үрп -адаттарды, этностук ырым-жырымдарды жана коомдо жаңыдан пайда болуп жаткан майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү, үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырымжырымдарын кеңири жана жайылтуу болуп эсептелет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби**

2.1. Айыл аймагында үй- бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары – жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен курамы айыл өкмөтүнүн, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний жана өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2.Ушул Типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат. Келип түшкөн сунуштар эске алынып жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3.Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин сайтына жарыяланат.

2.4.Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат

**3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик той, тушоо кесүү той, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) той, куда тосуу, мааракe салтанаттары ж.б. кирет.

3.2. Үй- бүлөлүк салтанаттар айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

3.3.Үйлөнүү той өз ыктыярлары менен эки тараптын (кудалар) эсебинен 200 адамга чейинки “Банкеттик кече” же конок тосуу менен “Салттуу той” формасында өткөрүлөт жана ысырапкерчиликке жол берилбейт. Үйлөнүү тоюунда ири бодо мал, жылкы союуга уруксат берилет. Бирок, ашыкча сый дасторкондорду уюштурууга тыюу салынат. Меймандарга себет тартылбайт, тойго да себет көтөрүп келүүгө тыюу салынат. Айып акча 200 000 (эки жүз миң) сом.

3.4.Кудалашуудан баштап үйлөнүү тойго байланышкан бардык иш-чараларда (каада-салттарда) эки жаштын ата-энесинин өз ара макулдашуусу менен белгиленип өткөрүлүп, эки тараптын туугандарына, конокторуна, сый кийимдерди берүүгө тыюу салынат. Кыз жигитке жана алардын ата-энелерине гана сый кийимдерди, белектерди берүүгө уруксат берилет. Айып акча 20 000 (жыйырма миң) сом.

3.5.Тойдон кийинки салттык отко кирүү, кыз көрдү, төркүлөтүү ж.б.у. сыяктуу кечелер өз ыктыярлары менен эки куданын үй-бүлөсү арасында 12 ден ашпаган адамдын катышуусунда өткөрүлөт,1 кой союлат. Айып акча 30 000 (отуз миң) сом.

3.6. Кыз узатууда 10-15тен ашык түрдүү кийим кече, күйөө баласын 40 күн багуу, ар майрам сайын күйөө балага баалуу белектерди берүүгө тыюу салынат. Айып акча 50 000 (элүү миң) сом.

3.7.Кыз тарапка той алып барганда 12 адам, күйөө жолдоштор 10 дон ашпоосу керек. Айып акча 20 000 (жыйырма миң) сом.

3.8. Жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында никени мамлекеттик каттоодон өткөрүү салтанатында 3төн ашуун транспортту колдонууга тыюу салынат. Айып акча 50 000 (элүү миң) сом.

3.9. Жашы жете элек кыздарга молдо тарабынан нике кыюуга тыюу салынат. Нике кыюу кыздын ата-энесинин үйүндө уюштурулсун.

**4. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Маркумду эскерүү ырым-жырымдары айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

4.2. Маркум чыккан (азалуу) үйдө алгачкы үч күн ичинде эч кандай жандык союлбайт, келгендерге дасторкон жайылып, тамак-аш берилбейт. Айып акча 200 000 (эки жүз миң) сом.

4.3. Сөөк коюу жана аза күтүү ырым-жырымына ири бодо мал, жылкы союуга тыюу салынат. Айып акча 200 000 (эки жүз миң) сом.

4.4. Маркумга атап үчтүк, бейшембилик, кырктык, жылдык, айттыгын белгилөөгө жана дасторкон даярдоого тыюу салынат. Айып акча 200 000 (эки жүз миң) сом.

4.5. Сөөк коюуда жана аза күтүүдө кийит кийгизүүгө (баш кийим, чепкен, көйнөк ж.б.у.с.), маркум өткөн жерде кандайдыр бир кездемени кичинекей бөлүкчөлөргө айрып, "жыртыш" таратып берүү, майда барат буюмдарды (чыны, табак, дастаркон, самын, жип, чай ж.б.у.с.) таратууга тыюу салынат жана кабыр казгандарга берилүүчү кызмат акы жергиликтүү комиссиянын макулдугу менен чектелет. Айып акча 50 000 (элүү миң) сом.

4.6. Кабырдын үстүнө күмбөз жана башка нерселерди тургузуу шариятта жок нерсе болгондуктан тыюу салынат.Айып акча 20 000 (жыйырма миң ) сом.

4.7. Аза күндөрү бүткөндөн кийин сөөк чыккан үйдө атайын бир күндү белгилебей ошол үйдүн экономикалык абалына жараша, карыз албастан каалаган убакытта бир жолу кайрымдуулук иретинде куран окутууга уруксат берилет, союш 1 (бир ) койдон ашпоо керек, эреже сакталбаган учурда айып акча 100 000 (жүз миң) сом.

4.8. Маркум менен бир айылда жашаган жакын туугандарына жана бала-чакасына куран окутууга тыюу салынат. Айып акча 100 000 (жүз миң) сом.

**5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары**

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырымжырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына, айыл өкмөтүнүн башчысы жана жергиликтүү комиссия кирет. Комиссиялар өздөрүнүн ишин документтештирет.

5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө, айылдарда түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн башчысы, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, билим берүү, ички иштер бөлүмдөрүнүн, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссиянын отурумунда маселени карайт, талапты бузган адамдарга карата тийиштүү чаралар көрүлөт.

**6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамааттын жана айылдын ички мыйзамдарында жана эрежелеринде каралган (элдик курултай, айылдык жана шаардык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.

Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн
орун басар- жооптуу катчысы : Г.Махкамбаева

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
723307, Жаны-Арык айылы, Ленин көч-40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.дарек: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯРЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**
723307, Село Жаны-Арык ул.Ленина 40
Тел: 03232 5-60-40
Эл.адрес: zhanyaryk.aiylokmotu@bk.ru
сайт: yntymak.gov.kg

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын № 6/6 токтому**

4-апрель 2025- жыл Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айылдарында менчик үйлөрдө ачылган бала бакчаларга ижара акы төлөө жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айылдарында менчик үйлөрдө ачылган бала бакчаларга ижара акы төлөөгө берген бала бакчалардын жетекчилеринин берген арызын карап талкуулап Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын айылдарында менчик үйлөрдө ачылган бала бакчаларга ижара акы төлөөгө берген бала бакчалардын жетекчилеринин берген арызынын негизинде келишим менен ар айга 15 (он беш) мин сомдон 2025-жылдын 1-январдан баштап төлөп берилсин.

2. Ушул токтомду аткаруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы Т.Абдибаитовага жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага: А.Дунаев**